КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ

“ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ МЕКЕМЕСИ”

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЖИБЕК-ЖОЛУ”

**Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышынын 2026-жылдагы кезектеги III отуруму**

# ТОКТОМ
**№3/3**

15-апрель 2026-жыл. Согонду айылы

**Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн аймагындагы жайыттарды пайдаланууда жайыт акы төлөмүн белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2025-жылдын 30-майындагы “Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу чөйрөсүндөгү жөнгө салуу жөнүндө токтому менен бекитилген жайыттарды пайдалануу үчүн акы тартиби жөнундөгү типтүү жобого ылайык, Жибек-Жолу айылдык кеңешинин отуруму **токтом кылат:**

1. Жибек-Жолу айыл өкмөттүн жайыт акы планы 443000 (төрт жүз кырк үч миң ) сомго белгиленсин;

2. Айыл өкмөттүн аймагындагы жайыттарды пайдаланууда жайыт акы төлөмү төмөнкүдөй болуп белигиленсин:

Бодо малдарга:

- Топозго башына 200 сомдон.
- Ийри мүйүздүү малга башына 100 сомдон.
- Жылкыга башына 100 сомдон.
- Кой, эчкиге 50 сомдон.

3. Жайыт акы төлөмүнүн жылдык планын топтоо жана толтуруу айыл өкмөттүн жайыт адиси Г. Бекмурзаевке, айылдар боюнча жакындан жардам берүү ар бир айыл башчыларга милдеттендирилсин;

4. Жайыт жерлерин өзүм билемдик менен тосуп алган жерлерди комиссия түзүп, тактоо иштерин жүргүзүү боюнча иш алпаруу Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Камиловко милдеттендирилсин;

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Төрага** **Б. Ж. Артыков**